*№ 4-5, 2026 Эл агартуу* **DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5**
*Илимий-педагогикалык жана методикалык журнал*

*Бейшенова С.У.*
*Талас облустук билим берүү усулдук борбору*

# МУГАЛИМДЕРДИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ СИСТЕМАСЫНДА КЕСИПТИК ӨНҮГҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

*Бейшенова С.У.*
*Таласский областной методический центр образования*

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО РАЗВИТИЯ УЧИТЕЛЕЙ В СИСТЕМЕ ПОВЫШЕНИЯ КВАЛИФИКАЦИИ

*Beishenova S.U.*
*Talas Regional Methodological Education Center*

# PEDAGOGICAL CONDITIONS FOR THE PROFESSIONAL DEVELOPMENT OF TEACHERS IN THE QUALIFICATION IMPROVEMENT SYSTEM

**Аннотация:** Бул макалада заманбап педагогикалык квалификацияны жогорулатуу системасында мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүн натыйжалуу камсыздоонун негизги педагогикалык шарттары жана өзгөчөлүктөрү кеңири каралат. Илимий изилдөөдө мугалимдин үзгүлтүксүз өзүн-өзү өнүктүрүүсү, компетенциялык мамиле, билим берүү процессиндеги инновациялык технологияларды өздөштүрүү жана рефлексивдик ишмердик сыяктуу өзөктүү факторлор илимий негизде талдоого алынган. Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуудагы актуалдуу маселелерди жана тоскоолдуктарды так аныктоо максатында атайын уюштурулган сурамжылоого 3000 педагог катышып, алардын пикирлерине терең жана ар тараптуу талдоо жасалган. Макаланын негизги максаты - мектеп мугалимдеринин кесиптик өнүгүүсүн стимулдаштыруучу жана активдештирүүчү зарыл педагогикалык шарттарды аныктоо, ошондой эле азыркы билим берүү чөйрөсүнүн сапатын жогорулатуу үчүн баалуу практикалык сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат. Макаланын жыйынтыктары педагогдор жана квалификацияны жогорулатуу институттары, облустук билим берүү усулдук борборлору үчүн чоң мааниге ээ.
***Түйүндүү сөздөр:*** *мугалимдин кесиптик өнүгүүсү, квалификацияны жогорулатуу, педагогикалык шарттар, компетенциялык мамиле, инновациялык технологиялар, рефлексивдик ишмердик, үзгүлтүксүз өзүн-өзү өнүктүрүү, билим берүү чөйрөсү, усулдук борборлор.*
**Аннотация:** В данной статье подробно рассматриваются ключевые педагогические условия и особенности, обеспечивающие эффективное профессиональное развитие учителей в современной системе повышения квалификации. В рамках научного исследования теоретически обоснованы и проанализированы такие фундаментальные факторы, как непрерывное саморазвитие педагога, компетентностный подход, освоение инновационных технологий в образовательном процессе и рефлексивная деятельность. С целью точного выявления актуальных проблем и барьеров на пути роста профессионального мастерства учителей был проведен масштабный опрос с участием 3000 педагогов, чьи мнения подверглись глубокому и всестороннему анализу. Основная цель статьи заключается в определении необходимых педагогических условий, стимулирующих и активизирующих профессиональный рост школьных учителей, а также в разработке ценных практических рекомендаций для повышения качества современной образовательной среды. Результаты исследования представляют высокую значимость для педагогов, институтов повышения квалификации и областных учебно-методических центров образования.
***Ключевые слова:*** *профессиональное развитие учителя, повышение квалификации, педагогические условия, компетентностный подход, инновационные технологии, рефлексивная деятельность, непрерывное саморазвитие, образовательная среда, методические центры.*
**Abstract:** This article comprehensively examines the key pedagogical conditions and factors that ensure the effective professional development of teachers within the modern system of advanced training. The study provides a theoretical justification and analysis of fundamental components such as continuous professional self-development, the competency-based approach, the integration of innovative educational technologies, and reflective practice. To identify current challenges and barriers affecting teachers' professional growth, a large-scale survey involving 3,000 educators was conducted, and the collected data were subjected to in-depth analysis. The primary objective of the article is to determine the pedagogical conditions that promote and enhance the professional growth of school teachers, as well as to develop practical recommendations aimed at improving the quality of the contemporary educational environment. *The findings of the study are of significant value to teachers, professional development institutions, and regional educational and methodological centers.*
***Keywords:*** *teacher professional development, advanced training, pedagogical conditions, competency-based approach, innovative technologies, reflective practice, continuous professional self-development, educational environment, methodological centers.*

**Киришүү.** Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу маселеси үч миңден ашуун мугалимдин катышуусунда жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктарынын негизинде талданып, изилденди. Заманбап билим берүү системасынын өнүгүшү мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнө, чыгармачылык потенциалына жана үзгүлтүксүз өзүн-өзү өнүктүрүү жөндөмүнө түздөн-түз байланыштуу. XXI кылымдын билим берүү шарттарында мугалимдин ролу өзгөрүп, ал жөн гана маалымат берүүчү эмес, окутуу процессин уюштуруучу, багыт берүүчү жана өнүктүрүүчү билим берүү чөйрөсүн калыптандыруучу адис катары каралууда. Ушуга байланыштуу педагогикалык квалификацияны жогорулатуу системасынын негизги максаты мугалимдин кесиптик өнүгүүсүнүн үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылууга багытталган натыйжалуу педагогикалык шарттарды түзүү болуп саналат.

**1. Мугалимдин кесиптик өнүгүүсүнүн маңызы.** Кесиптик өнүгүү – бул мугалимдин өз ишмердигин үзгүлтүксүз анализдеп, жаңы билим, ыкма жана технологияларды өздөштүрүү аркылуу педагогикалык компетенттүүлүгүн тереңдетүү процесси [4].

Педагогикалык теорияда (В.А. Сластенин, Н.В. Кузьмина, А.К. Маркова, ж.б.) кесиптик өнүгүүнү үч деңгээлде карашкан [5; 6; 7]:

 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5


1. **Квалификациялык деңгээл** - билимди жана ыкмаларды системалуу түрдө жаңылоо;
2. **Индивидуалдык деңгээл** - өз ишмердигине баа берүү жана рефлексия жүргүзүү;
3. **Инновациялык деңгээл** - жаңы методдорду түзүү жана жайылтуу.

**2. Педагогикалык квалификацияны жогорулатуу системасынын өзгөчөлүктөрү.** Кыргызстанда мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу иши педагогикалык институттар, билимди баалоо борборлору жана аймактык усулдук борборлор, институттар аркылуу жүзөгө ашырылат. Бул системанын негизги өзгөчөлүктөрү:

- Модулдук жана компетенттүүлүк негизиндеги программалар;
- Онлайн жана оффлайн форматтагы аралаш окутуу технологиялары;
- Рефлексиялык жана практикага багытталган окутуу формалары;
- Мугалимдин жеке өнүгүү планын иштеп чыгуу. Мындай модель педагогдун өз алдынча иштөө жөндөмүн өнүктүрүүгө жана жекелештирилген окутуу стратегияларын түзүүгө өбөлгө түзөт [4].

**3. Кесиптик өнүгүүнүн педагогикалык шарттары.** Мугалимдин кесиптик өсүүсүн камсыз кылган педагогикалык шарттар - бул билим берүү чөйрөсүндө жаратылган дидактикалык, психологиялык жана социалдык факторлордун жыйындысы [5]. Макалада төмөнкү шарттар өзгөчө мааниге ээ деп белгиленет:

1. **Мотивациялык шарт:** Мугалимдин ички жана тышкы мотивациясын жогорулатуу - кесиптик өнүгүүнүн башкы кыймылдаткычы [6]. Мотивация өз ишине кызыгуу, коомдук таануу, кесиптик өсүү мүмкүнчүлүктөрү аркылуу калыптанат. Окуучуну шыктандырып иштөө үчүн мугалимдин өзүндө шыктануу, кесибин сүйүү биринчи кезекте туруусу зарыл. Өзү шыктанып иштеген мугалим окуучуларды да шыктандырып, алардын билимге болгон кызыгуусун арттырып, сабакта окуучуну активдештире алат.
2. **Инновациялык шарт:** Санариптик технологиялар, техникалык шарттар. Окутуунун интерактивдүү методдору, онлайн-платформаларды колдонуу мугалимдин педагогикалык маданиятын жогорулатат жана ишмердикке чыгармачыл мамиле түзөт [4]. Окуучуларды санариптик көндүмдөр технологиялык каражаттар менен өтүлгөн сабактар кызыктырат. Ошого байланыштуу заманбап, техникалык каражаттар менен сабак өтүү заман талабы.
3. **Рефлексивдик шарт:** Өзүнүн ишин анализдеп, кемчиликтерди аныктап, ийгиликтерди жалпылоо бул мугалимдин өзүн-өзү өнүктүрүү жөндөмүн чыңдайт. Рефлексия - кесиптик өсүүнүн ички механизми [4].
4. **Коллаборативдик (биргелешкен) шарт:** Мугалимдердин кесиптештери менен тажрыйба алмашуусу, кесибине байланыштуу иш-чараларга, конференция, симпозиумдарга катышуусу жана биргелешкен долбоорлорго аралашуусу - өнүгүүнүн социалдык фактору катары маанилүү [3].
5. **Институционалдык шарт:** Мугалимдин өнүгүүсүнө шарт түзгөн институционалдык колдоо - жетекчиликтин колдоосу, усулдук жардам, ресурстук борборлордун иши жана билим берүү саясатынын багыты [2].

**4.Эксперименталдык изилдөөнүн жыйынтыктары жана талдоо.** Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуудагы сурамжылоо Талас облусунун мисалында берилди. Сурамжылоого Талас облусу боюнча жалпы 3274 педагог катышты [1].




1-диаграмма.

Изилдөөнүн биринчи суроосуна жалпысынан 3274 респондент жооп берген. Аймактык курамы боюнча жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй, эң жогорку активдүүлүк Бакай-Ата жана Талас райондорунда байкалган. Тактап айтканда, Бакай-Ата районунан 811 респондент катышып, бул жалпы көрсөткүчтүн 26,4% түзгөн. Андан кийинки орунда Талас району болуп, сурамжылоого 797 респондент катышкан, жалпы санынын 26% түзгөн. Ошондой эле Айтматов районунан 530 респондент (17,3%), Талас шаарынан 485 респондент (15,7%) жана Манас районунан 450 респондент (14,7%) катышты. Педагогдордун сурамжылоого

мындай кеңири катышуусу каралып жаткан маселеге болгон кызыгуунун жогору экендигин жана анын актуалдуулугун көрсөтөт.

Респонденттердин жыныстык курамын аныктоого багытталган демографиялык блоктогу үчүнчү суроонун жыйынтыктары педагогикалык чөйрөдө гендердик тең салмаксыздык сакталып жатканын көрсөттү. Алынган маалыматтарды талдоонун негизинде сурамжылоого катышкан педагогдордун басымдуу бөлүгүн аялдар түзгөнү аныкталды. Тактап айтканда, аял респонденттердин саны 2826 адамды түзүп, жалпы катышуучулардын 92% барабар болгон. Ал эми эркек педагогдордун саны 245 адамды түзүп, жалпы респонденттердин 8% гана камтыган. Бул көрсөткүчтөр билим берүү тармагында аялдардын үлүшү кыйла жогору экендигин тастыктайт.




2-диаграмма.

Мындай көрсөткүчтөр билим берүү тармагындагы кадрдык курамдын заманбап тенденцияларын чагылдырат. Аял респонденттердин жогорку үлүшү жалпы билим берүүчү мектептерде жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде педагогикалык ишмердүүлүктүн феминизацияланууу процесси уланып жаткандыгы менен түшүндүрүлөт. Бул өз кезегинде, изилдөөдө каралган маселелер боюнча айтылган пикирлер негизинен аял педагогдордун кесиптик тажрыйбасына жана көз караштарына таянарын көрсөтөт. Ошол эле учурда эркек педагогдордун салыштырмалуу аз болсо да (245 адам) катышуусу изилдөөнүн жыйынтыгында гендердик ар түрдүүлүктү камсыздап, маселеге карата кеңири жана ар тараптуу мамиле жасоого мүмкүндүк берет.

Сурамжылоонун жыйынтыктары педагогикалык кесипти тандоодо аялдардын басымдуулугу (92%) сакталууда экендигин жана бул кесиптин социалдык-маданий жактан «аялдардын иши» катары кабыл алынышынын туруктуу мүнөзүн көрсөтөт. Респонденттердин мындай курамы облустун билим берүү тармагындагы реалдуу гендердик көрсөткүчтөргө шайкеш келип, изилдөөнүн маалыматтык ишенимдүүлүгүн дагы бир жолу тастыктайт. Статистикалык маалыматтарды талдоо көрсөткөндөй, аял респонденттердин үлүшү эркектерге салыштырмалуу 84 пайыздык пунктка жогору. Эселик көрсөткүч боюнча аял педагогдордун саны эркек кесиптештерине караганда 11,5 эсеге көп экендиги аныкталды. Бул сандык айырмачылык билим берүү системасындагы гендердик дисбаланстын олуттуу деңгээлде экендигин жана изилдөөнүн жыйынтыктары негизинен аялдардын педагогикалык тажрыйбасын чагылдырарын ырастайт.

**Респонденттердин эмгек стажы боюнча мүнөздөмөсү (4-суроо):** Изилдөөнүн төртүнчү суроосу респонденттердин кесиптик тажрыйбасын жана иш стажын аныктоого багытталган. Бул көрсөткүч педагогикалык шарттарды иштеп чыгууда маанилүү ролду ойнойт, анткени тажрыйбалуу жана жаш адистердин кесиптик муктаждыктары ар башка болушу мүмкүн. Алынган маалыматтарга таянсак, респонденттердин курамы стаж боюнча бир калыпта жана репрезентативдүү бөлүнгөн:




3-таблица.

**12-20 жылдык стаж:** Эң чоң топту түзөт - 26,2% (803 адам). Бул топ кесиптик жактан калыптанган, тажрыйбасы менен инновациялык ыкмаларды айкалыштыра алган "орто муунду" мүнөздөйт.

- **1-5 жылдык стаж:** Жаш адистер - 19,2% (588 адам). Жаш кадрлардын мындай үлүшү билим берүү системасынын жаңыланып жаткандыгынан кабар берет.
- **21-30 жылдык стаж:** 18,5% (569 адам).
- **6-11 жылдык стаж:** 18,4% (565 адам).
- **31-45 жылдык стаж:** Эң тажрыйбалуу педагогдор - 18% (553 адам) түздү. Демек, талдоо көрсөткөндөй, респонденттердин арасында 26,2% үлүш менен 12 жылдан 20 жылга чейинки стажы бар педагогдор басымдуулук кылат. Бул көрсөткүч изилдөөнүн жыйынтыктарынын ишенимдүүлүгүн жогорулатат. Ошону менен бирге, стаждын бардык категориялары 18 пайыздан 26 пайызга чейинки диапазондо бирдей камтылган. Бул жагдай, биз сунуштап жаткан педагогикалык шарттардын жана усулдук сунуштардын бардык категориядагы мугалимдер үчүн актуалдуу жана универсалдуу экендигин далилдөөгө илимий негиз берет.

**Квалификацияны жогорулатуу курстарынын жыштыгы (5-суроо):** "Педагогдордун квалификацияны жогорулатуу курстарынан канча жолу өттүңүз?" деген суроо берилип, респонденттердин 72 сааттык квалификацияны жогорулатуу курстарына катышуу деңгээли каралды.




4-диаграмма.

| Квалификацияны жогорулатуу курсунан өтүү | Пайыздык үлүшү % | Мүнөздөмөсү |
|---|---|---|
| 1 жолу | 44,4 % | Диаграмманын негизги бөлүгү |
| 3 жолу | 37,5 % | Кесиптик активдүү топ |
| 5 жана андан көп жолу | 18,1 % | Үзгүлтүксүз өнүгүүдөгү топ |
| Жалпы: | 100% | |

Изилдөөнүн бешинчи суроосуна алынган жооптор респонденттердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга болгон умтулуусунун туруктуу экенин айгинелейт. Статистикалык маалыматтарга таянсак, респонденттердин 44,4% 72 сааттык курстан бир ирет өтүшсө, дээрлик ар бир үчүнчү педагог (37,5%) бул курстардан үч жолу өтүүгө жетишкен. Курстардан 5 жана андан көп ирет өткөн респонденттердин (18,1%) бар экендиги, аймактагы мугалимдердин өз алдынча билим алууга жана компетенцияларын жаңылап турууга болгон ички мотивациясынын жогору экендигинин далили болот.

**Квалификацияны жогорулатуу базалары (6-суроо):** Ал эми респонденттердин квалификацияны жогорулатуу базалары боюнча бөлүштүрүлүшү төмөнкүдөй аныкталды (жалпы жооп бергендер — 2966 респондент):




5-диаграмма.

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

| Квалификацияны жогорулатуу базасы | Пайыздык үлүшү (%) | Респонденттердин саны (адам) |
|---|---|---|
| Талас облустук билим берүү усулдук борбору | 49,6% | 1471 |
| Онлайн акылуу курстар | 18,4% | 546 |
| Эч жактан өтө элекмин | 18,3% | 543 |
| Бишкектен (РИПК) | 13,7% | 406 |
| Жалпы | 100% | 2966 |

*Эскертүү:* **Сандар пайыздык көрсөткүчкө жараша эсептелинди.**

Респонденттердин жоопторун талдоо көрсөткөндөй, Талас облусунун педагогдору үчүн квалификацияны жогорулатуунун негизги борбору катары Талас облустук билим берүү усулдук борбору кызмат кылат (49,6%). Ошондой эле изилдөөдө заманбап тенденция - онлайн акылуу курстардын ролунун жогорулашы (18,4%) байкалат. Бул жагдай педагогдордун санариптик билим берүү мейкиндигине ийкемдүү адаптация болуп жаткандыгын айгинелейт. Өзгөчө көңүл бура турган жагдай - респонденттердин 18,3% акыркы үч жылда курстардан өтө электигин билдиришкен. Бул көрсөткүч кошумча педагогикалык шарттарды түзүү зарылдыгын негиздейт.

**Курстардын натыйжалуулугуна берилген баа (8-суроо):** Талас облустук билим берүү усулдук борборундагы курстардын натыйжалуулугуна 3285 респонденттин берген баасы төмөнкүдөй бөлүндү:




6-диаграмма.

| Жооптордун варианттары | Пайыздык үлүшү (%) | Мүнөздөмөсү |
|---|---|---|
| Ооба (канааттанам) | 61,1% | Ишмердүүлүктүн натыйжалуулугу |
| Азырынча бара элекмин | 20,2% | Потенциалдуу камтуу чөйрөсү |
| Курстан өткүм келет | 12,3% | Кесиптик мотивация |
| Жок (канааттанбайм) | 6,4% | Критикалык пикирлер |
| Жалпы | 100% | |

Маалыматтарды интерпретациялоо көрсөткөндөй, респонденттердин көпчүлүгү (61,1%) сунушталган окутуу программаларынын сапатына жогору баа беришкен. Азырынча курска катыша элек жана өткүсү келген педагогдор (32,5%) аймакта квалификацияны жогорулатууга болгон ички потенциалдык суроо-талаптын дагы деле жогору экенин көрсөтөт. Окутуунун сапатына канааттанбагандардын аздыгы (6, 4%) борбордун методикалык ишинин натыйжалуулугун далилдейт.

**Кесиптик чеберчиликти жогорулатуу жолдору (12-суроо - ачык суроо):** Ачык суроого 3285 респондент жазуу жүзүндө жооп берген. Тексттик жоопторду семантикалык талдоо көрсөткөндөй, “курстарга баруу” жана “окуу” сыяктуу фразалар респонденттердин 65%дан ашыгынын жоопторунда кездешет. Жоопторду семантикалык топторго классификациялоо төмөнкүдөй натыйжа берди:

| | Семантикалык топтор (Категориялар) | Респонд. саны (адам) | Пайызд. үлүш(%) | Мүнөздөмөсү |
|---|---|---|---|---|
| | Институционалдык-курстук багыт (Курстар, квалификацияны жогорулатуу) | 2135 | 65% | Формалдуу окутууга болгон суроо-талап |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Жеке-инсандык өнүгүү багыты (Өз алдынча окуу, китеп окуу, изденүү) | 657 | 20% | Ички мотивация жана өзүн-өзү тарбиялоо |
| | Практикалык-технологиялык багыт (Тажрыйба алмашуу, мастер-класстар) | 493 | 15% | Колдонмо чеберчиликти арттыруу |

Бул сандык жана сапаттык көрсөткүчтөр биздин макалабыздын алкагында иштелип жаткан “педагогикалык шарттардын” мазмундук түзүмүн түзүүгө илимий негиз болуп берди. Мугалимдин өз үстүнөн иштөөсү, кесиптик иш билгилиги, окуучуларды өзүнө тартып, кызыктуу сабак өтүү үчүн биринчи кезекте өз предметин терең билүүсү керек. Себеби өз предметин терең билбеген мугалим практика көрсөткөндөй, окуучулардын астында теманы жакшы билбесе, берилген суроого жооп бере албай калса, окуучулардын эле эмес ата-энелердин, кесиптештеринин арасында кадыр-баркы төмөн болуп, кесибине болгон берилүү, сүйүү өчүп, мектепти таштап кеткен айрым жаш мугалимдер да жок эмес.

“Мугалимдик кесип, атайын жогорку кесипти талап кылган кесип, андыктан ар бир мугалим мезгил-мезгили менен кесиптик курстардан өтүп, өз предмети боюнча билимин жаңылап туруусу зарыл” [8, 85]. Жогорудагы анализдер көрсөткөндөй, ар бир педагог тынымсыз өз үстүнөн иштөөсү, билимин тереңдетүүсү заман талабы экени талашсыз. Учурда 12 жылдыкка өтүү менен да мугалимдер жаңы китептер менен иштөөсү ошондой эле усулдарын жаңыртып, талапка жооп бере ала тургандай санарип дүйнөсү менен жуурулушуп, сабакты кызыктуу өтүүгө, жаңы усулдарды өздөштүрүү үчүн да кесиптик чеберчиликтерин жашына жана эмгек стажына карабастан окуусу зарыл.

**Респонденттердин жумалык окуу жүктөмүнүн анализи (13-суроо):** "Жумалык жүктөмүңүз канча?" деген суроого жалпы 2711 респондент так жооп берген. Жүктөмдүн мындай рационалдуу бөлүштүрүлүшү мугалимдин кесиптик өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этет.

| Окуу жүктөмүнүн көлөмү (саат) | Респонденттердин саны | Пайыздык үлүшү (%) | Мүнөздөмөсү |
|---|---|---|---|
| 18 саат (бир ставка) | 2014 | 74,3% | Оптималдуу жүктөм |
| 24–28 саат | 545 | 20,1% | Жогорулатылган жүктөм |
| 30 саат жана андан жогору | 152 | 5,6% | Максималдуу жүктөм |
| Жалпы | 2711 | 100% | |

Талас облусунун педагогдорунун басымдуу бөлүгү (74,3%) бир ставкалык (18 саат) жүктөм менен иштешет. Жүктөмдүн мындай оптималдуу деңгээли мугалимге кесиптик чеберчиликти жогорулатууга, өз алдынча билим алууга убакыт бөлүүгө мүмкүндүк берет. Ал эми 20,1% жогорулатылган жүктөмдө иштеген мугалимдер үчүн ийкемдүү формаларды (онлайн же кыска мөөнөттүү курстарды) колдонуу зарылдыгы келип чыгат. Ошону менен катар эле мугалим, өзүнүн алсыз жана күчтүү жактарын да анализдөөсү менен кесиптик өнүгүүсүн жогорулатууга умтулуусу шарт. Төмөндөгү таблицада мугалимдин өзүн-өзү баалоо ыкмасын ар бир тилкени мисал катары толтурулган жоопторун көрсөтүү менен сунуштайбыз:

| Баалоо критерийи | Суроолор | Баамдоо (ооба, жок, кээде гана) | Өнүгүү пландары |
|---|---|---|---|
| Предметтик билим | Өзүмдүн сабагым боюнча терең жана актуалдуу билимге ээминби? | Ооба | Илимий макалаларды окуу |
| Өздүк китепкана | Өздүк китепканам барбы? Предметим боюнча энциклопедия, сөздүк, илимий китептер, педагогика, психология боюнча китептер барбы? | Китепканам бар, бирок, предметтик билимге арналган китептерим жок. | Энциклопедия алышым керек. Психология жаатында китептерге маани берген эмесмин. Алууга аракет кылам. |
| Окутуу усулдары | Окуучулардын муктаждыктарына жараша окутуу усулдарын колдоно аламбы? | Жарым-жартылай | Интерактивдүү усулдарды көбүрөөк колдонуу. |
| Баалоо жана рефлекция | Сабактарымдын натыйжалуулугун талдап, жакшыртуу жолдорун издей аламбы? | Ооба | Сабактан кийин анализ жүргүзүү, окуучулардын пикирлерин угушум керек экен. |
| Окуучулар менен байланыш | Окуучулар менен ачык жана колдоочу мамиле түзө аламбы? | Ооба | Индивидуалдык маектешүүнү көбөйтүшүм керек экен. |
| Жеке жана кесиптик өнүгүү | Жаңы билимдерди өздөштүрүп, квалификациямды жогорулатып турамбы? | Кээде гана | Семинар, вебинарларга катышып, турушум керек. |
| Технологиялары колдонуу | Сабактарымда заманбап окутуу технологияларын өз алдынча колдоно аламбы? | Жок | Санариптик технологияларды колдонууну тереңирээк өздөштүрүү. |
| Коомдук жана | Коомчулук, ата-энелер менен активдүү иштеше аламбы? | Ооба | Активдүү иштешүү. Мамиле кура билүүгө көңүл бурушум керек. |

 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

| | | | |
|---|---|---|---|
| кесиптик ишмердүүлүк | | | |
| Онлайн, офлайн курстарга, семинар, тренингдерге катышуу | Курстарга өз алдынча катышып, окууга кызыгамбы? | Кээде | Көп эле онлайн курстардын жарнамаларын көрөм. Бирок маани бербейт элем, эми семинар, тренингдерге катышууну биринчи орунга коём. |

Бул таблица мисал катары берилди. Эгерде ар бир педагог өз үстүнөн иштөөдө ушул сыяктуу өзүн-өзү баалоо критерийлерин түзүп алып, ишмердүүлүгүндө пайдаланса, өзүн-өзү өнүктүрүүгө көңүл бурса, андан мыкты мугалим, окуучу сүйүп, күткөн мугалим болоору талашсыз [9, 41-42].

Жыйынтыктап айтканда, мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүн камсыздоодо негизги ролду педагогикалык шарттарды туура уюштуруу ойнойт. Мотивация, инновация, рефлексия жана коллаборация факторлору бирдиктүү иштөө менен мугалимдин профессионалдык компетенттүүлүгүн жогорулатат. Ошентип, квалификацияны жогорулатуу системасы мугалимди өз алдынча изилдөөчү, чыгармачыл инсан катары калыптандырууга багытталганда гана билим берүүнүн сапаты реалдуу жакшырмакчы.

***Адабияттар:***

1. Бейшенова С. Талас облусунун билим берүү кызматкерлерине: URL: https://docs.google.com/forms/d/e/1FAIpQLSd_5OuGNLIemDJGT2CHyWFpBHjYjyyVcLgkShzhU9M4mGUJAw/viewform?usp=header
2. Бейшенова С. Кыргыз билим берүү системасында мугалимдин компетенттүүлүк өнүгүүсү / С. Бейшенова // Бишкек, 2022.
3. UNESCO. Teacher Professional Development Framework. – Paris, UNESCO, 2020
4. Бейшенова С. Кесиптик өнүгүү үчүн мугалимдердин өз алдынча билим алуусу: сайт. [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://kutbilim.kg/analytics/inner/kesiptik-n-g-ch-n-mugalimderdin-z-aldyncha-bilim-aluusu-praktikalyk-ke-eshter/
5. Сластенин В.А. Педагогика профессионализма / В.А. Сластенин. – Москва: Академия, 2012.
6. Маркова А.К. Психология профессионализма учителя / А.К. Маркова. – Москва, 1996.
7. Кузьмина Н.В. Профессионализм личности преподавателя и мастера производственного обучения / Н.В. Кузьмина. – Ленинград, 1990.
8. Бейшенова С. Мугалимдин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу / С. Бейшенова // Эл агартуу. – Б., 2023. – Атайын чыгарылыш. – С. 84-90
9. Бейшенова С. Кесиптик өнүгүү үчүн мугалимдердин өз алдынча билим алуусу / С. Бейшенова // Эл агартуу. – Б., 2025. – №5-6. – С. 39-45